Качан келесиң?

Сөзү: Чотурова Бактыгүл
Обону: Бейшекеев Сыймыкбек

Суранса укпас, сөзүн далайдын,

Суулардай аккан, күндү санаймын.

Сезимим жыргап, күлүңдөп жүзүм,

Сени алып келчү, жолду караймын.

Кайырма:

Жакшынакайым, жарк деп элесиң,

Жан дүйнөм ээлеп, неге жеңесиң.

Жашыл жарык нур жааган жол менен,

Качан келесиң ай, качан келесиң?

Кантейин күткөн, кездердин көбүн,

Каалабайм сенден, өзгөнүн демин.

Карагым келип, карааның издеп,

Карайып барат, көздөрүм менин.

Кайырма:

Сүрдөнүп бүттүм, тушалып деги,

Сүйүүсүз жашап, утабыз нени.

Кубаты сыйкыр, үмүтү менен,

Кучактап алды, кусалык мени.